Математика жана информациялык технологиялар факультетинин программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№2 ПРОТОКОЛУ**

*10-октябрь, 2016-жыл.*

*Төрага:* А. Сопуев
*Катчы:* Н. Абдирайимова
*Катышкандар*: Программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*
1. Магистрдик диссертациялардын жана квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин, курстук иштердин темаларын бекитүү;
2. Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш) мониторингдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү;
3. ИЭТ, ИСТ багыттары жана ТОСВТ адистиги боюнча "Негизги билим берүү программаларын" жана тиешелүү багыттар боюнча "Информациялык пакеттин" мазмунун талкуулоо жана бекитүү;
4. Ар түрдүү маселелер.

**Ар түрдүү маселелер:**

2016-2017-окуу жылы үчүн 710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» жана 710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» багыттары жана магистратура боюнча бакалаврды жана магистрди даярдоодогу НББПнын бүтүрүүчүсүнүн моделин кароо.

*Сопуев А. (Программалоо кафедрасынын башчысы, профессор):* 2016-17- окуу жылында ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча негизги билим берүү программаларынын бакалаврды даярдоодогу НББПнын бүтүрүүчүсүнүн моделин түзүү маселеси каралып жатат. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча түзүлгөн моделде максаттар, жалпы жана профессионалдык компетенциялар камтылып, биз иш берүүчүлөрдүн, бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелердин сунуштары боюнча өзгөртүүлөр киргизилди. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча НББПнын бүтүрүүчүсүнүн моделин ар бир кураторлор студенттерге маалыматты берүүсү зарыл. Ал үчүн атайын кураторлук бир саатты НББП боюнча өтүү керек. Андан сырткары ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча Абдирайимова Н., Абдугулова Г., Сатаров А. багыттар боюнча НББПны сайтка жайгаштыруу керек.

2016-2017-окуу жылы үчүн 710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» жана 710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» багыттары жана магистратура боюнча бакалаврды жана магистрди даярдоодогу НББПнын бүтүрүүчүсүнүн моделин жооптуулар тарабынан көрсөтүлүп берилди жана бир добуштан кафедра мүчөлөрү тарабынан жактырылды.

Кеңешме маселени угуп жана талкуулап

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. 2016-2017-окуу жылы үчүн 710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» жана 710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» багыттары боюнча

бакалаврды жана магистрди даярдоодогу НББПнын бүтүрүүчүсүнүн модели жактырылсын жана бекитилсин.

2. ИЭТ жана ИСТ багыттары боюнча НББПнын бүтүрүүчүсүнүн моделин ар бир кураторлор кураторлук сабактарды өтүшсүн жана аны көзөмөлдөө жагы кафедра башчысы А. Сопуевге жүктөлсүн.

| | | |
|---|---|---|
| Кеңешменин төрагасы: | | Сопуев А. |
| Катчы: | | Абдирайимова Н. |